УДК 82.0(=512.154)
DOI: 10.36979/1694-500X-2023-23-10-73-77

# ОБРАЗ ЖЕНЩИНЫ В РОМАНЕ Т. КАСЫМБЕКОВА «СЛОМАННЫЙ МЕЧ»

***Ж.Т. Бокоева, П.А. Ражапбаева***

*Аннотация.* Положение в обществе, честь, достоинство и обязанности кыргызской женщины хорошо описаны во всех произведениях народного творчества, в том числе в трилогии “Манас”, “Сейтек” и “Семетей”. Наши национальные традиции и ценности, передаваемые веками из поколения в поколение, подвергались преобразованиям по мере изменения общества, и кажется, что они забываются, как гласит кыргызская пословица: “Элүү жылда – эл жаңы, жетимиш жылда – жер жаңы” (через пятьдесят лет – новый народ, через семьдесят лет – новая земля). Необходимо исследовать повседневную жизнь наших предков по произведениям искусства, особенно на примере исторических произведений. Задача литературоведов – не только прочитать их, но и дать подробный анализ художественных образов для представителей следующих поколений. В современном обществе не могут не возникать вопросы, касающиеся причин происхождения случаев насилия и издевательств над женщинами, или, наоборот, антиобщественных и аморальных поступков кыргызских девушек. Каждое общество должно стараться сохранить положительные традиции прошлого. Именно с этой целью Т. Касымбеков в своём произведении отражает 75-летний промежуток из жизни кыргызов. Основная цель статьи – раскрыть место, значение и обязанности женщин на примере образов, описанных в романе Т. Касымбекова «Сломанный меч», а также их положительные качества, которые могут служить примером для современной молодёжи. В статье перечислены все женские персонажи романа, и мы кратко затронули образ каждой из них.

*Ключевое слово:* Т. Касымбеков; «Сломанный меч»; женские образы; традиции.

# Т. КАСЫМБЕКОВДУН «СЫНГАН КЫЛЫЧ» РОМАНЫНДАГЫ АЯЛДАРДЫН ОБРАЗЫ

***Ж.Т. Бокоева, П.А. Ражапбаева***

*Аннотация.* Кыргыз аялдарынын коомдогу орду, кадыр-баркы жана милдети «Манас» эпосу баш болгон элдик оозеки чыгармачылыктын бардык түрлөрүндө мыкты сүрөттөлүп келген. Кылымдан кылымга өтүп келген улуттук каада-салт, нарк-насилдерибиз коом өзгөргөн сайын өзгөрүүгө дуушар болуп, «жетимиш жылда – жер жаңы, элүү жылда – эл жаңы» дегендей унутта калып бара жаткандай. Биздин өтмүшүбүздөгү күнүмдүк жашоо тарзын көркөм чыгармалар, өзгөчө тарыхый көркөм чыгармалардан окуп билүү зарылдыгы бар. Аларды бир гана окуп тим болбостон, анализге алып, андагы көркөм образдарды кийинки муунга талдап берүү бүгүнкү күндөгү адабиятчылардын милдети. Бүгүнкү күндө коомдо аялзатынын кордолушу, аларга карата зордук-зомбулук же болбосо, тескерисинче, кыргыз кыздарынын коомго жат, ыплас иштери кайдан чыкты, кайдан келди деген суроо жаралбай койбойт. Ар бир коом өзүнүн өтмүшүнүн жакшы жактарын улантып кетүүгө милдеттүү. Дал ушундай максат менен 75 жылдык кыргыз турмушун чагылдырган Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы аялдардын орду, баркы-баасы жана милдеттерин, бүгүнкү күндө жаштарга үлгү боло тургандай мыкты сапаттарын ачып берүү макалабыздын негизги максаты болду. Макалада романда кездешкен бардык айым каармандар тизмектелип, ар биринин образдарына кыскача токтолдук.

*Түйүндүү сөздөр:* Т. Касымбеков; «Сынган кылыч»; аялдардын образы; каада-салттар.

# THE IMAGE OF A WOMAN IN T. KASYMBEKOV’S NOVEL “BROKEN SWORD”

***Zh.T. Bokoeva, P.A. Razhapbaeva***

*Abstract.* The position, dignity and duty of Kyrgyz women in society have been well described in all types of folk art, including the epic “Manas”, “Seitek” and “Semetey”. Our national traditions and values, passed down from century to century, are subject to changes as society changes, and it seems that they are being forgotten, as it is said, “in seventy years, the land is new, in fifty years, the people are new.” There is a need to learn about the daily life of our past in works of art, especially historical works of art. It is the task of today’s writers not only to read them, but also to analyze them and analyze their artistic images for the next generation. In modern society, the question of where the abuse of women, violence against them, or vice versa, the immoral and dirty deeds of Kyrgyz girls came from, does not arise. Every society is obliged to continue the good aspects of its past. It is for this purpose that T. Kasymbekov in his work reflects a 75-year period in the life of the Kyrgyz. The main goal of our article was to reveal the place, value and duties of women in Kasymbekov’s novel “Broken Sword”, and their excellent qualities that can serve as an example for young people today. In the article, all the female characters in the novel are listed, and we briefly touched on the images of each of them.

*Keywords:* T. Kasymbekov; “Broken sword”; women’s image; traditions.

Адабиятта аялдардын образы кылымдан кылымга өтүп кийинки муундун көз карашына, билимине, ошондой эле автордун оюна, идеясына жараша өзгөрүп турат. Кыргыз адабиятын аялдын образысыз элестетүү мүмкүн эмес. Чыгарманын башкы каарманы болбосо да, ал окуяга кандайдыр бир өзгөчө мүнөз алып келет. Анын сулуулугу, сүйкүмдүүлүгү, бай руханий дүйнөсү искусство адамдарын дайыма шыктандырып турат. Акын-жазуучулар тарабынан жаралган татынакай аял образдары азыр да окурмандардын жүрөгүн козгоп келет. «Манас» эпосу башында турган («Эр Төштүк», «Кожожаш», «Эр Табылды», «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Жаңыл Мырза» жана башка) эпостордон баштап бүгүнкү күнгө чейин жазылып келе жаткан адабиятыбыздын мыкты үлгүлөрү буга мисал.

Ал эми тарыхый романдардагы аялдардын образы аркылуу кыргыз элинин күнүмдүк жашоосундагы аялдардын ордун, алардын дүйнө таанымын, алар жасаган иш-аракеттер аркылуу элдик каада-салттарыбызды, кол өнөрчүлүктү, улуттук тамак-ашыбыздын жасалышы, маанисин окуп үйрөнүүгө мүмкүн. Ошондуктан ар бир доордо жаралган көркөм адабияттын ар бир образына, анын ичинен аялдардын образына өзгөчө талдоо зарылдыгы бар.

“Сынган кылыч” кыргыз эл жазуучусу, Кыргыз Республикасынын Баатыры Төлөгөн Касымбековдун тарыхый романы. Романда Орусия империясынын Түркстанды учурдагы Орто Азияны басып алышындагы айрым жергиликтүү башкаруучулардын ойногон ролун, калктын көтөрүлүшүн усталык менен талдап берет. Бул роман кыргыз элинин улуттук тарыхындагы өзүнчө бир доор – Кокон хандыгы мезгилиндеги элдин коомдук абалын көркөм сүрөттөгөн тарыхый роман. Чыгармада айрым коомдук өнүгүүнүн терең катмарларына жасалган тарыхый экскурстарды эске албаганда да, Алим хан такка олтурган 1801-жылдан Исках-Болот хан даргага асылган 1876-жылга чейинки 75 жыл ичиндеги элдин башынан өткөн окуялар чагылдырылган [1].

Жалпысынан романда эркек каармандар басымдуулук кылат. Бирок, жогоруда айтылгандай, романдын негизги максаты кыргыз элинин 75 жылдык тарыхындагы башынан өткөргөн саясий турмушун чагылдыруу болгондуктан, башкаруучулук иштери Курманжан датканы эске албаганда эркектерге таандык, эркек каармандардын басымдуулугу да ушуга байланыштуу. Кыргыз элинин жашоо турмушунда ар дайым “Ата – аска-зоо, эне – боорундагы булак” деген принцип бекем сакталып келген. Эркек киши аска-зоо сымал коргоочу, башкаруучу, туу катары каралган. ”Эр жигит – эл четинде, жоо бетинде”, “Журт тиреги – эр жигит” ж.б.у.с. макал-лакаптарыбызды далил катары айтууга болот. Ал эми аялзаты ар дайым *өмүрдүн булагы, үйдүн куту, береке, ырыскы, жылуулук, сулуулук, тазалык, аруулук, акылман, айкөл, гумандуу, кечиримдүү* ж.б.у.с. түшүнүктөр менен ассоциацияланып келген. Булардын бардыгы дүйнөгө кеңири таанылган «Манас» эпосунан баштап, Айтматовдун

дээрлик бардык чыгармаларында аялдардын образы менен гана ачылып турган [2].

Кыз баланын төрөлүшүнөн баштап, анын бойго жетип турмуш куруп, үй-бүлөгө, жубайына карата мамилеси, элине карата камкордугун романда кездешкен каармандардын образдары аркылуу көрүүгө болот. Алсак, кыз баланын төрөлүшүнө байланыштуу эпизод календер менен Исхактын кара алачыктын жанынан өтүп бара жатып кокусунан кабылып калган улгайган зайыптан 2 күндөн бери толгоосу кармап, бечара кедейдин аялынын төрөй албай жатканын угат. Календер таягын карматып, өзү сыртта Кудайдан аялдын аман-эсен бошонуп алуусун тиленип, аңгыча ичкериде ыңаалаган ымыркайдын үнү жана эшикке кырк жылкы деп сүйүнчүлөп чыккан зайыпка чөнтөгүнүн түбүнөн тапкан бир мири күмүш теңгесин берет.

*... Кара алачыкка киришти. Календер оң капшытка отурду. Исхак этегине тизе бүктү. Кана, эми, айланайындар, атын бирдеме деп коёлу, – деди туугузган зайып. – Ыя, аты Адаш болсунбу? Эптеп көп ичинде адашып эсен жүрсүн... Календер башын чайкады: “Баланын атын тилек менен, үмүт менен коюу лазим. Ойго келгендей коё беришке болбойт. Жакшы коюш керек баланын атын. Көп ичинде эптеп эле күн көрүп, адашып эле жүрбөсүн. Көп ичинен өз жолун таап жүрсүн, өз ордун, өз сыйын таап отурсун, бактылуу болсун. Мен ушундай тилек кылдым, кызым. Чүрпөңдүн аты Бакбүбү болсун!” – Оозуңузга май, атаке, айтканыңыз келсин, – деди жаңы көздүн энеси* [3, 365-б.].

Романда календер жер кыдырып жүргөн диний кадырлуу адам. Анын айткандары жана кылгандары эң туура жана талашсыз. Календердин образы аркылуу кыз бала же уул бала деп бөлбөстөн “*баланын атын*” деп бирдей караганын жана кыз баланын да көп ичинен өз ордун таап, бактылуу жашасын деген тилегин көрөбүз. Бул тилек жалгыз календердин эмес, календердин образы аркылуу жалпы кыргыз элинин календердей акылман адамдардын образын берет. Бакбүбүнүн окуясынан кийин жашы боюнча 15 жаштагы секелек кыз деп берилген Сарыбайдын кызы Кундуздун образына токтолууга болот. Кундуз Сарыбай менен Сүйүмкандын жалгыз кызы. Сүйүмкан Сарыбайга кайрылганда ар дайым Кундуздун атасы деп кайрылат. Сарыбай бүркүтүнө көзүн чукутуп алгандан кийин, анын көзүнө сарсанаа болуп жүргөн зайыбына: “*... Менин алым бул болсо, сен шөмтүрөп, көзүңдүн жашын тыялбай жүрсөң, жалгыз кыздын күнү эмне болот. Күйпүл болуп, жүдөп, басынып кетпейби? Ошону кара. Менин көзүм да ошол, жүзүм да ошол кыз*” [3, 365-б.], – деп берген эпизоддон эле Кундуздун ал үйдөгү кадыр-баркын билүүгө болот.

Андан тышкары, 15 жаштагы Кундуздун кыздар менен эшикте ойноп жүргөн учурлары романда бир канча жолу кезигет. Андан соң Кундуз балакатка жетип, суйкайган сулуу кыз болду деп баса белгиленет, анткени Домбунун кунун куул келген Насирдин бектин 4-аялы болуп кеткен эпизод абдан кеңири сүрөттөлөт. Кундузду алганы келген Насирдин бектин жигиттерин да автор зөөкүрлөр деп берет. Андай аталганын себеби да Кундуздун каалоосу жок, зордоп алып кетип бара жаткандыгы болду. Болбосо романда кыздарды турмушка узатуу салты, кыздардын макулдугу романда абдан позитивдүү маанайда берилген. Зордоп алган Насирдин хандын 4-аялы Кундуз деле ханына болгон мамилеси Насирдиндин доорунун бүтүп, хандык шарапатынын акыркы күнүндө автор тарабынан атайын Кундуз айымдын талак сураганы жана анын баласынын теги башка, атасы башка деп айттыртарын [4, 175-б.] жана анын себеби да баласынын өмүрүнө кооптуу болбосу үчүн жасарын айтат. Бирок чындап келгенде, балким, кыргыз айым ыгы келген күнү жети атасынын хан экенин айтармын деп билдирер эле. Жогоруда берилген фразаларга караганда, Кундуз айым анын атасы Насирдин хан болгондугун каалабагандыгын билдирет. Демек, зордоп алган жарынын эч качан күйүмдүү жана ишенимдүү болбой тургандыгы Кундуз айымдын образы аркылуу берилген.

Романда кыргыз кыздарынын, айымдарынын образдары өтө кылдат жана абройлуу, позитивдүү берилгендигин байкадык. Мисалы, чыгармада токол катары алынган жалгыз эле Кундуз эмес экендигин эске сала турган Карача таркандын кызы Солойко тууралуу сөз кылуу абзел. Бирок Солойкону зордоп эмес өз каалоосу менен Көлдөйдүн байбичеси (кызга күйөө болчу адамдын) Толу бике ордодон алып келет. Ал эпизоддо Солойконун өз каалоосу менен келгени

төмөнкүчө сүрөттөлөт: "*А бир култүйгөн кара кыз эч көңүл бурбагандай, санына кыжырлана жанып ийик ийрип, кыйгач отурганы бойдон отура бериптир дейт. Толу бикенин көзү чарпыганын байкапбы, не тилин түшүнө калганбы, ал кара кыз отурганынан жазылбай: «Сулуу десеңиз, алдыңызда турат, тизилген байкуштардан алыңыз, а тектүү десеңиз мени алыңыз...», – дейт. Ырас, сулууну көрүп ал, тектүүнү сурап ал! «Ие, кимдин кызысың?!» – деп сураган экен Толу бике. «Мен, – дейт тиги дымактуу, – Карача таркандын кызымын!» – «Э, болду, сиңдим турбайбы, мен ушу кызды алдым...» – деп, аты Солойко экен, колунан жетелеп чыгып кетиптир Толу бике»* [4, 168-б.].

Келиндин үй-бүлөдөгү ордун мыкты сүрөттөгөн эпизод катары Темирдин келинчеги Теңирбердинин келинин айтууга болот. Кыргыздарда үй-бүлө деген абдан ыйык катары сезилип, бүлөнүн бузулушу көбүнесе жамандык менен гана байланыштуу болгон. Темирдин кара ашын бергенден кийин салт боюнча Айзааданы Жамгыр (кыздын атасы) алып кетиши керек эле, же болбосо келинге нике кыя турган ылайыктуу кишиси болсо гана алып калышкан. Жогорудагы эпизоддо Теңирберди уулум Темирден айрылсам да, келинимен айрылбайм деп, алып калуунун жол-жобосун ойлонот. Эпизод да курч драмалуу сүрөттөлөт. Акыры Темирдин иниси ошол жылы он экиге чыгып балакатка толо турган Болотуна нике кыйдырам деп чыгат. Ошол учурда катуу талаш жаралат, Бекназар баатыр салт деп эле жаштардын тагдырын бузбоого чакырып, акыры Айзааданын пикирин укмай болушат: " *– Арбакты сыйлайм. Артында калган атасын, энесин капа кылуу мага кыйын. Атам чын көңүлү менен мага уруксат кылса кылсын. Кылбаса буларды боздотуп, туруп кете бере аламбы?!*

*Теңирберди: – О, айланайын, каралдым!.. – деп бакырып жиберди. Жамгыр күлботодой кубарып кетти. – Бирок атам мени кичине балага нике кыям дебесин. Кичине бала Темирдин бир тууганы болсо, менин да бир тууганым болбойбу? Бир тууганымдай, атүгүл баламдай көргөн боорума нике кыям дегенди койсун! Мен кетпейин. Чачымды желкеме түйүп, тебетей кийип, Теминин ордуна Темир болуп калайын. Катуу жумушун капшырып, жумшагын жууруй кармап, ак кызматын кылайын. Кичине бала өсөр, керилип жигиттик дооруна жетер. Өзүнө ойлош, өзүнө бойлош колукту табышып, тоюн тойлошуп, ага болуп жүрөйүн, агасынын ордун жоктотпоюн. Ошондо атамдын көңүлү жибир...*

*Кишилер Айзааданын кебине таң болушту. Теңирберди да, Жамгыр да үңкүйүп отуруп калды. – Айтарым ушул. Атам мунумду эп көрбөсө, анда атама мен таарынам, мен капа болом. Турам да кете берем... Алдымда кызыл камчы турмактан өлүм өзү туура тосуп жатсын, мен ошого тике карап кете берем. Өлүм бактуунун багын алат, шордуунун шорун алат..."* [3, 189-б.].

Берилген эпизоддон Айзааданын пикири аркылуу келиндердин үй-бүлөдөгү орду, мааниси мыкты сүрөттөлүп берилген. Албетте, кыргыз турмушунда бардык эле учурларда аялзатынын сөзү сөз болуп турган, билгенин кылган дегенден алыс болуу керек. Кыргыздарда каада-салт бардык учурларда биринчи болгон, ал эми каада-салтыбыз да ушундай турмуштук кырдаалдардын негизинде кашкөй адамдарыбыздын чечими менен адатка айланып, салт болуп кеткен да. Айтайын дегеним ошол эле Айзаада Темирге да салты-наркы менен чыкпай качып келип, Темирден жесир калгандан кийин уруулаш кайын иниси Эшим менен айылынан качып Султанмаамыт менен Ак Эркеге жолугуп, алар буларды бала кылып асырап, элге той берип журт кылып алат. Кызыгы Султанмаамыт да учурунда Ак Эркени казактан алып качкан экен (албетте, Ак Эркенин каалоосу менен бирге качып чыгышат. Себеби казактарга жуучу жиберсе да Ак Эркени бербесин, калыңды көп сурары болгон).

Бирок бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт дейт эмеспи, балким, ата-эненин ыраазычылыгы менен болбогондугу, ата-энеси, эли-журтунун батасын албагандын акыры жакшы болбойт дегендей автор ишаарат кылганбы, билбейм, айтор эки окуя тең бирдей: Султанмаамыт менен Ак Эрке кырк жыл күтүп балалуу болбой, Эшим менен Айзааданын бактысы да көпкө узабай, Айзаада кайрадан кара кийип экинчи жолу жесир калат. Дал ушуга шайкеш башка бирөөгө кудалап койгон кызга көзү түшкөн Көлдөй бийдин Жибекти алгандагы окуя жогоруда айтылгандарды жообун берип тургансыйт. Анткени бирөөнүн кудалаган

кызына көз артуунун акыры же өлүм менен же Көлдөй бийдин сунушундай: «*Кыз тоюн токтотпойбузбу?» – дейт экен Көлдөй бий. «И? Неге?» дешпейби?! – «Кызыңарга көңүлүм түшүп калды...» – дейт. – «О-о, көрккө кимдин көзү түшпөсүн?! Көз түшсө эле тойду токтото бермекпи?!» – деп калышпайбы?! – «Күйөө тарапка калыңын кайтаралы – үч эсе, кыз тарапка калың берели – үч эсе. Буга кошумча ар бир тарапка үчтөн төөгө жүктөлгөн өлү дүйнө, буга кошумча эки орточуга жасалгалуу эки жорго!» – дептир Көлдөй бий. Кимди азгырбайт ушунча мал, ушунча мүлк?! «Ыя, сүйлөшүп көрөлүчү...» дешпейби, түшкө жакын эле той токтойт*" [4, 314-б.] аяктачу экен.

Эч кимдин ичин оорутпай, эки тарапты бирдей ыраазы кылып, алтургай ала турган кыздын да көңүлүнө карап: "*Кыз не демекчи?! Котостун мамалагындай түркөйдөн иренжип отурса өзү – ичи жымырайт*! [3, 423-б.]" үйлөнгөн экен. Ал эми романда эркелеп жашаган Бекназар баатырдын "эрке катыны" же "эркек катыны" атаккан Каныштын образы кыргыз айымдарынын эркин, эркектен кем калбаган, ошол эле учурда эринин сүйүктүү жары катары сыпатталат. Кыргыз айымдарга тиешелүү болгон дасторкондун берекесин Каракаш айымдын образынан көрүүгө болот: "*Каракаш айымдын дасторкону адаттан тыш толо болду. Түркүн боёлгон кант, жайдын күнү дүйүм мөмө, бышкан керчөө, муздаган казы, жал, ысык куйрук-боор, кыпкызыл кашкары токоч, түрдүү ширин даам жайнап жатты. Кол чаначта мейиз кошуп ачыткан кымыз, кытай чыныда сары шербет, койкойгон күмүш көөкөрдө кымыздан бөлгөн чагырмак мелтиреп тунуп турду*" [3, 265-б.].

Андан тышкары, Каракаштын уз айым экенин чагылдырган эпизод – Бекназар баатырга жабылган ак быязы камзол: "*Чын эле камзол кунда жок камзол экен. Ак тайлактын жүнүнөн таза кылдап, бордоп, эришин, аркагын оңтетири талдыра өзүнөн үлбүрөгөн чийин, түр чыгарып согулган. Тигишин ак жибек менен кежиген. Тик жака, жакасынан ылдый так белине дейре кыдырата түймө. Кулкишинин көзүнөн от чыгып кетти. – Агаңдын жыйган дүйнөсүнөн эмес, – деди Каракаш айым, – бу тырмагымдан чыккан буюм, жаман да болсо жакшыдай көрүп, жыртып кой, кайним*" [3, 455-б.]. Каракаш айым бир гана аялдык сапаты эмес, адилеттүүлүк, калыс, акылмандык сапаты менен да Толу бикеден кем калышпаган образ. Чыгармада Абил бийдин зайыбы Каракаш айымдын образы чыныгы кыргыз айымдарга тиешелүү болгон бардык мыкты сапатты камыган төрт тарабы төп келишкен жана мыкты иштелген образдардын бири.

Андан соң Курманжан датка энебиздин образына кайрыла турган болсок, романда Курманжан датка айым кайраттуу, сабырдуу, акылман, көрөгөч, каадалуу кыргыз айымдарынын образын ачып берген. Романда Курманжан датканын образы өзүнчө талдоо, өзүнчө анализге татый турган тарыхый каарман. Жогоруда берилген романдагы образдарды талдоо менен кыргыз элинин жашоо турмушунда айымдардын ордун, баркы-баасын, алардын эркектерден кем калышпаган акылмандыгын, баатырдыгын ачып берүү болду. Себеби бүгүнкү күндүн орчундуу маселесине айланып жаткан кыз баланы кордоо, кыздарга карата зомбулуктун күч алгандыгы, өзгөчө кыздардын ой-боюна койбо ала качууну салтынын кыргыз турмушунда мурда-кийин кездешпеген көрүнүш экендигин, мыкты тарыхый романдын негизинде ачып берүүгө далалат жасадык. Аялдардын образын ачып берүү үчүн романдын баштан-аяк сыдырып, андагы орчундуу аялзатынын образынын бирөөсүн да калтырбай анализге алууга аракет кылдык.

Поступила: 16.08.23; рецензирована: 30.08.23; принята: 04.09.23.

***Адабияттар***


1. Сынган кылыч. URL: https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0%A1%D1%8B%D0%BD%D0%B3%D0%B0%D0%BD_%D0%BA%D1%8B%D0%BB%D1%8B%D1%87 (кайрылуу датасы: 20.08.2023).
2. *Бокоева Ж.Т.* Жазуучу Топчугүл Шайдуллаеванын айрым аңгемелеринде аялдар образынын чагылдырылышы / Ж.Т. Бокоева, К.А. Ногойбаева // БМУ Жарчысы. № 2 (64). 251–259-бб. DOI: 10.35254/bhu
3. *Касымбеков Т.* Сынган кылыч: тарыхый роман / Т. Касымбеков. Бишкек: Кыргызстан, 1998. 712 б.
4. *Касымбеков Т.* 8 томдон турган чыгармалардын жыйнагы. 3-т. Сынган кылыч. Эрегиш. Экинчи китеп / Т. Касымбеков. Бишкек: Бийиктик, 2012. 388-б.